УДК:301.085: 91
DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-248-254

**Бекбоева А.К.**
философия илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
alajbekboeva032@gmail.com
**Акимова К.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## СОЦИАЛДЫК ЧЫҢАЛУУНУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА КЕСЕПЕТТЕРИ

**Аннотация:** Бул макалада авторлор коомдо объективдүү түрдө ар кандай социалдык карама-каршылыктардын негизинде пайда болгон коомдук факторлордун бири социалдык чыңалуу түшүнүгүн талдоого алышкан. Авторлордун пикири боюнча социалдык чыңалуу ар кандай социалдык субъекттердин баалуулуктарынын, кызыкчылыктарынын жана керектөөлөрүнүн дал келбегендигинин натыйжасында келип чыккан канааттанбоочулукка негизделген калктын социалдык-экономикалык абалы катары белгилешкен. Социалдык чыңалуунун көптөгөн себептерин, өнүгүү этаптарын, анын жоюу жолдору аныкталган. Бишкектин четиндеги жаны конуштардын социалдык-экономикалык, маданий абалдарынын төмөндүгү социалдык чыңалуунун негизги факторлорунун бири катары тастыкталган. Ошондуктан өкмөт тарабынан социалдык чыңалууну болтурбоо боюнча социалдык-экономикалык, маданий керектөөлөрдү камсыздоо милдеттерди ишке ашыруунун негизги механизмдерин иштеп чыгышы зарыл.

**Негизги сөздөр:** мамлекет, коом, социалдык чыңалуу, көйгөй, калк, үй-бүлө, жакырчылык, жаңы конуштар.

**Бекбоева А.К.**
кандидат философских наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
alajbekboeva032@gmail.com
**Акимова К.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## СОЦИАЛЬНАЯ НАПРЯЖЕННОСТЬ: ПРИЧИНЫ И ПОСЛЕДСТВИЯ

**Аннотация:** В данной статье авторы объективно проанализировали понятие социальной напряженности, одного из социальных факторов, возникающих на основе различных социальных противоречий в обществе. По мнению авторов, социальная напряженность определяется как социально-экономическое состояние населения, основанное на неудовлетворенности, вызванной несовпадением ценностей, интересов и потребностей различных социальных субъектов. Определены многие причины социальной напряженности, этапы развития, пути ее устранения. Подтверждено, что низкое социально-экономическое и культурное состояние населения новостроек окраин Бишкека является одним из основных факторов социальной напряженности. Поэтому правительству необходимо разработать

основные механизмы реализации задач обеспечения социально-экономических и культурных потребностей в целях предотвращения социальной напряжённости

**Ключевые слова:** государство, общество, социальная напряженность, проблема, население, семья, бедность, новостройки.

**Bekboeva A.K.**
Candidate of Philosophy, Associate Professor
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
alajbekboeva032@gmail.com
**Akimova K.**
graduate student
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.

## SOCIAL TENSION: CAUSES AND CONSEQUENCES

**Annotation:** Abstract: In this article, the authors objectively analyzed the concept of social tension, one of the social factors that arise on the basis of various social contradictions in society. According to the authors, social tension is defined as the socio-economic state of the population, based on dissatisfaction caused by the discrepancy between the values, interests and needs of various social actors. Many causes of social tension, stages of development, and ways to eliminate it have been identified. It has been confirmed that the low socio-economic and cultural condition of the population of new buildings on the outskirts of Bishkek is one of the main factors of social tension. Therefore, the government needs to develop basic mechanisms for implementing the tasks of ensuring socio-economic and cultural needs in order to prevent social tension

**Key words**: state, society, social tension, problem, population, family, poverty, new buildings.


Коомдо объективдүү түрдө ар кандай социалдык карама-каршылыктарды пайда кылган көптөгөн факторлор бар. Карама-каршылык фактору коомдун өнүгүшүнө оң да, терс да таасир тийгизет. Ошол эле учурда, карама-каршылыктар көп учурда күчөйт жана тараптардын ортосундагы ачык кагылышуу формасында, каршы тарапты басууга же жок кылууга тенденциясына дуушарланат. Карама-каршылыктын бул спецификалык формасы – социалдык чыңалуунун пайда болушуна түрткү болот жана коомдук мамилелердин нормалдуу иштешине олуттуу коркунуч келтирет.

Социалдык чыңалуу ар кандай социалдык субъекттердин баалуулуктарынын, кызыкчылыктарынын жана керектөөлөрүнүн дал келбегендигинин натыйжасында келип чыккан канааттанбоочулуктун натыйжасына негизделет.

Наразылык – бул коомдо объективдүү карама-каршылыктардын келип чыгуусунуну негизинде коомдук кубулуш катары кабыл алына башташы. Ошондуктан карама-каршылыктарды социалдык чыңалуунун башталышынын бир түрү катары кароого болот [1, с.34]. Карама-каршылыктардын өнүгүүсү коомдун системаларында социалдык кайдыгерликти жаратып, калктын олуттуу көпчүлүгүнүн пассивдүүлүгүнө, натыйжада социалдык проблемалардын көбөйүшүнө алып келет.

Чыңалуунун эң кеңири таралган өбөлгөлөрү болуп калктын бүткүл массасынын же калктын олуттуу бөлүгүнүн муктаждыктары, кызыкчылыктары, социалдык күтүүлөрү жана алардын иш жүзүндөгү канаатануу өлчөмүнүн ортосундагы туруктуу жана узак мөөнөттүү чечилбеген, наразычылыктын топтолушуна алып келүүчү жагдай саналат. Кээ бир

топтордун жана адамдардын агрессивдүүлүктөрү, психикалык чарчоо жана көпчүлүктүн кыжырдануусун күчөтөт. Мисалга алсак, өздүк чыналуунун себептерине төмөнкүлөр себеп болот.




Ал эми, социалдык чыңалуу коомдо (аймактык жамаатта) эки жол менен пайда болот.

**Биринчиден**, эгерде адамдардын көпчүлүгү адегенде бүдөмүк сезилсе, андан кийин окуялардын өнүгүшүнө жараша алардын социалдык, экономикалык, саясий, улуттук, маданий же башка турмуштук муктаждыктарын, кызыкчылыктарын жана укуктарын канааттандыруу коркунучу пайда болгондо.

**Экинчиден,** адамдардын адегенде салыштырмалуу аз бөлүгү коомдо болгон шарттарда өздөрүнүн керектөөлөрүн канааттандыра албай, кызыкчылыктарын ишке ашыра албай калганда, бул кырдаал кандай себептер менен жана эмнеден улам келип чыкканына карабастан, тоскоолдуктарга каршы иш аракеттеринин натыйжа бербеген учурлары түрткү болот. Бул абал, адамдардын укуктарынын бузулушу, коомчулуктун нааразылык, коркуу, пессимизмдик сезимдерди жайылта баштаган учурда пайда болот.

Эки учурда тең социалдык чыңалуу социалдык кризис өз убагында аныкталып, анын себептери чечилбегенде жана конфликттик конфронтация кандайдыр бир жол менен жоюлбаса, социалдык чыналуу бийлик тутумуна орчундуу коркунучту пайда кылат. Жалпысынан, ал коомдогу социалдык кризистин жана аны коштогон ар кандай конфликттердин жалпыланган көрсөткүчү болуп саналат.

Социалдык чыңалуунун көптөгөн себептери бар, анын ичинде [2, с.34]:

- Экономикалык көйгөйлөр: Кирешелердин теңсиздиги, социалдык катмарлануу, жумушсуздуктун жогорку деңгээли жана татыктуу турак-жайга жетүүнүн жоктугу чыңалуунун күчөшүнүн себеби болуп саналат.
- Саясий көйгөйлөр: Ар кандай саясий топтордун ортосундагы карама-каршылыктар, бийликке ишенбөөчүлүк, коррупция жана адам укуктарынын бузулушу.

•Этникалык көйгөйлөр: Ар кандай этникалык топтордун ортосундагы түшүнбөстүк, этникалык жана расалык топтордун ортосундагы дискриминация жана тирешүү.

• Диний көйгөйлөр. Диний экстремизм жана башка диндерди, үрп-адаттарды жана каада-салттарды сыйлабоо конфликттик кырдаалдардын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарт болуп саналат.

• Маданий көйгөйлөр: Баалуулуктардын дал келбестиги, маданий нормалар жана салттар менен келишпестик, муундар менен маданий топтордун ортосундагы карама-каршылыктар.

• Экологиялык көйгөйлөр: Айлана-чөйрөнүн булганышы, климаттын өзгөрүшү, жаратылыш ресурстарынын азайышы.

• Технология маселелери: Жаңы технологияларды колдонууда ачык-айкындуулуктун жана отчеттуулуктун жоктугу, купуялуулукка жана киберкоопсуздукка коркунучтар, автоматташтыруу жана жумуш орундарын жоготуу социалдык чыңалууга алып келиши мүмкүн [2, с.55].

Коомдогу социалык-экономикалык, диний, маданий терс көрүнүштөр социалдык чыңалууну күчөшүнө өбөлгө болушат жана ар кандай формада чагылышы мүмкүн: иш таштоолор стихиялуу түрдө пайда болот, кылмыштуулук күчөйт.

Социалдык чыңалуу биринчи кезекте социалдык-психологиялык жана жүрүм-турумдук деңгээлде көрүнгөн көрүнүш катары төмөнкүдөй абалдар менен мүнөздөлөт.

**Биринчиден:** коомдук турмуштун маанилүү чөйрөсүндө түзүлгөн кырдаалга нааразылык сезимдерин жайылышы. 90-жылдардын башында социалдык чыңалуу, биринчи кезекте, баалардын тез өсүшүнө, инфляцияга, керектөө рыногунун жакырлануусуна, жеке коопсуздуктун жоктугуна, айлана-чөйрөнүн булганышына нааразылыкты чагылдырган.

**Экинчиден**: социалдык чөйрөдө түзүлгөн кырдаалдардын таасири астында бийликке болгон ишеним жоголуп, бийликтин авторитетин жана күчү азайып, коркунуч сезими пайда болуп, келечекке пессимисттик баа берүү, ар кандай ушак-айыңдар кеңири жайылышы. Бүтүндөй коомдо, ошондой эле өзүнчө аймактык коомчулукта массалык психикалык тынчсыздануунун жана эмоционалдык толкундануунун атмосферасы пайда болот.

**Үчүнчүдөн**: жүрүм-турум деңгээлинде социалдык чыңалуу стихиялуу массалык акцияларда да (шашылыш» суроо-талаптардын пайда болушу, тамак аш резервдерин түзүү максатында товарларды жана азык-түлүктөрдү сатып алууда ж.б.), ар кандай чыр-чатактардын, митингдердин болушу , демонстрациялар, иш таштоолор жана жарандык баш ийбөөчүлүктүн, нааразылык акцияларынын өсүшү, башка региондорго жана чет өлкөлөргө мажбурлап же ыктыярдуу миграциянын кескин көбөйүшүнө алып келет.

Процесс катары социалдык чыңалуунун этаптары бири-биринен көйгөйлөрдү чагылдыруу формалары менен айырмаланат, аларга:

**Биринчиси**, жашыруун жана эч кандай ачыкка чыкпаган нааразылыктардын өсүшү. Ал коомдук турмушта болуп жаткан терс өзгөрүүлөрдүн себептерин жана масштабдарын так аныкталбастыгы, иштин көнүмүш жүрүшүнүн үзгүлтүккө учурашына байланыштуу нааразылыктар менен билдирүү менен мүнөздөлөт. Бул социалдык чыналуунун жаңжалдуу кырдаалынын башталышы десек болот.

**Экинчиси** - чыңалуунун курчушу. Калктын көпчүлүгү тарабынан түзүлгөн кырдаалдын нормалдуу эместигин жана коомдо социалдык чыр чатактардын болушу ачык-айкын сезиле баштагандыгы менен мүнөздөлөт. Бул этапта айрым аймактарда жана

калктуу конуштарда чыңалууну кескин курчуткан атайын топтор пайда болуп, чыр-чатактартардын массалык мүнөзгө өтүшүнө түрткү болушат.

Социалдык чыңалуунун **үчүнчү этабы**, адатта, анын төмөндөшү, коомдук турмуштун социалдык көйгөйлөрүнүн мүнөздүү белгилеринин акырындык чечиле башташы менен мүнөздөлөт [3, с.19].

Ошентип, социалдык чыңалуу тирешүүлөр, кризистик абал жөнгө салынганда, конфликттер жоюлганда жок болот. Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, ал социалдык-психологиялык жана жүрүм-турумдук деңгээлде көрүнүп, коомдук пикирдин менен коомдук маанайдын динамикасы менен тыгыз байланышта болот. Ар бир адамдын карама-каршылашкан факторлордун жыйындысы, объективдик жана субъективдик жактан караганда коомдук жалпыланган кызыкчылыктары менен керектөөлөрүнүн камсыздалбагандыгы негизги өзөгү болот.

Ар бир адамдын өздүк көйгөйү коомдогу көйгөйлөрдүн мурасы катары калыптанат. Анын пикири боюнча коомдук социалдык-экономикалык көйгөй бул социалдык көйгөйлөргө алып келет Ошентип, социалдык көйгөй– бул объективдүү жашоо, адамга көз каранды болбогон жана мажбурлуу таасирин тийгизген, кандайдыр бир тартип менен түрткү берген көйгөйлөрдүн жыйындысы.


Ар бир социалдык көйгөй социалдык чындык менен таанылат [4, с.11]. Башкача айтканда, социалдык көйгөй социалдык чындык менен тыгыз болот жана коом тарабынан таанылат. Мисалга алсак, балдар арасынданы кылмыштуулук коомго туура келбеген жүрүм-турумунун туруктуулугун бузулушуна алып келет. Жашы жетилбегендердин арасында кылмыштуулук жөнүндө статистика таянсак 2017-2019-жж. 14 жаш курактагыларды алсак, жыл сайын 90миңге жакын жаш өспүрүмдөр кылмыштуулукка барышат. Жаш балдардын эрте ичкиликке берилиши, насыбай, ар кандай психоактивдүү заттардын колдонуулары дагы көбөйүүдө. Андыктан, бийлик тарабынан бул жат көрүнүштөрдү жоюугага багытталага чаралар көрүлбөсө, бул тымызын социалдык чыңалууга алып келиши мүмкүн.

Социалдык чыңалуунун көптөгөн себептери бар, анын ичинде оор турмуштук жагдайда жашаган, б.а. жарандын жашоосун объективдүү түрдө татаалдаткан кырдаалдар мисалга алсак, мүмкүнчүлүгүнү чектелген үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн болушу, карылыктын же оорунун айынан өзүн өзү багууга жөндөмсүздүк абалдагылар, жетим же кароосуздук калган балдардын абалы, жакырчылыкта жашагандар, жумушсуздукдун айынан аз камсыз же кирешелери жоктор, белгилүү бир жашаган жеринин жоктугу, чыр-чатактар жана зомбулукта үзгүлтүксүз жашаган үй-бүлөлөр, зордук-зомбулуктун курмандыктары, жалгыздык, жарандыктын, турак жайдын жоктугу ж.б., социалдык чыңалуунун тымызын өнүгүшүнө алып келет десек болот [5, с.23].

Өзгөчө, социалдык жетимдердин санынын көбөйүшүнүн алдын алуу боюнча чараларды көрүү мамлекеттик стратегиялык көз карашты өзгөртүү менен коштолушу керек . Себеби, ички жана тышкы мигранттардын, жаш үй- бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан көзөмөлгө алуу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу пропагандаларды жүргүзүү, энелерди баладан ажыратпоо мыйзамдарын иштеп чыгуу зарылдыгы бар, бактылуу балалыкты камсыздоо зарыл [6, с.203].

Ошондуктан, өкмөт тарабынан аз камсыз болгон жарандардын бакубаттуулугун жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруунун негизги механизмдерин иштеп чыгышы зарыл.

Белгилей кетчү несе катары, биз Бишкектин четиндеги жаны конуштардын социалдык-экономикалык, маданий абалдарынын төмөндүгү социалдык чыңалуунун негизги факторлорунун бири болууда десек болот. Азыр Бишкекте расмий түрдө 1 миллион 150 миңден ашык адам жашайт. Расмий түрдө шаардын чек арасына Бишкек шаарында 47 конуш бар, аларда 225 миңден ашык адам жашайт, бул шаардын жалпы туруктуу калкынын 30 % түзөт [4, с.9]. Бишкектин жаңы калктуу конуштары бул аз камсыз болгон ички мигранттар жашаган, калк жыш жайгашкан аймактар. Жаңы конуштар социалдык чыңалуунун очокторуна жана кылмыштуу активдүүлүгү жогору аймактарга айланууда. Жаңы конуштарда жашаган жарандардын жашоосуна топ келген социалдык стратификациялык топтор пайда болду. Маселен, борбордун түндүк жаңы конуштарында социалдык статусу төмөн, турмуштук шарттары өтө начар көрүнүштөргө ээ десек болот. Жаны конуштарынын жашоочуларынын басымдуу бөлүгүнүн укуктук жана финансылык сабаттуулугунун төмөндүгү алардын аялуулугун ого бетер күчөтөт. Мэриянын архитектуралык башкы планында жаңы конуштардын жоктугунан жана жер тилкелеринин басымдуу бөлүгүнө турак жайлар курулгандыгына байланыштуу, айрым учурларда социалдык инфраструктураны балдар бакчаларын, мектептерди, медициналык мекемелерди куруу үчүн жер тилкелеринин жоктугу негизги көйгөйлөрдөн болууда [4, с.28]. Мисалга алсак, социалдык колдоого муктаждардын стаитистикалыкасына кайрылсак, анда Бишкектин четиндеги жаны конуштардын социалдык-экономикалык абалын корсок болот [7, с.4]



Көптөгөн жер тамдар жана тилкелери кооптуу аймактарда б.а. полигондорго, электр өткөргүчтөрүнө ж.б. жакын жайгашкан, ошондуктан аларды мажбурлап көчүрүүгө мүмкүн эмес, анткени, көчүрүүдө мамлекет үй жай, же жер тилкеси менен камсыз кыла албагандыктан, жашоого коркунучу бар абалдарда жашап жатышат.

Турак жайларда көптөгөн адамдар документтеринин негизинен паспорт, туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн жоктугунан мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарына тарабынан катоого алынбаган. Анын кесепетинен негизги мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга: билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо кызматтарынан толук кандуу ала алышпайт.

Турак жайлардын инфраструктурасы өнүккөн эмес жолдор, тротуарлар жок, суу менен камсыздоо жана канализациянын жоктугу, жарыктандыруунун ото начардыгы, көпчүлүк учурда жарыктыктын өчүрүлүшү, жашылдандыруу иш чараларынын эске алынбагандыгы жашоо сапатынын төмөндүгүн чагылдырат. Окмот тарабынан корулгон аракеттердин негизинде жалпысынан, жаңы конуштарда 28 орто мектеп, 6 балдар бакчасы, 22 фельдшердик-акушердик пункт курулган. 25 жылдын ичинде жаңы имараттардын инфраструктурасын өнүктүрүүгө 4,5 миллиард сомдон ашык каражат бөлүнгөн[4, с.51]. Бирок, бул каражат социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө жетишсиз болууда. Андыктан жаңы конуштарда социалдык чыналуу сакталып калууда десек болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**:

1. Байзаков Н. Социалдык конфликтер жана алардын типтери. – Бишкек, – 2019, – 140 б.
2.Куконков П.И. Социальное напряжение: источники, факторы, трансформации: монография / П.И. Куконков. – Нижний Новгород: Гладкова О.В. 2017. – С. 225.
3.Салмоорбекова О.Б., Исраилова Н.А. Социальная напряженность в современном Кыргызстане, – Бишкек, – 2010, – С. 74.
4. Социальная политика государства в обеспечении защиты молодой семьи // Сб.мат.конф. под ред. Абдыбаитова Н. – Бишкек, – 2019, – С. 362.
5. Жоошбекова А.Р., Ажыбаева Н.Э. Мигранттардын балдарынын социалдаштыруудагы көйгөйлүү маселелери. – Бишкек, //Вестник КГУ имени И.Арабаева, – 2022, – №4, – С. 200-203
6. Бишкек шаарынын 2022-жылдагы отчету. Кыргызстан в цифрах. – Бишкек, 2023, – С.110.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Карасартова Ч.Ж.**